КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXXXI сессиясы**

**Токтом № 192**

21 -август 2024-жыл                                        Сүлүктү шаары

**Шаардын аймагындагы ясли – бала бакчаларында жана балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде тарбиялануучуларга түзүлгөн шарттардын абалы жөнүндө**

Шаардын аймагындагы ясли –бала бакчаларында жана балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде тарбиялануучуларга түзүлгөн шарттардын абалы жөнүндө маалыматты жана Сүлүктү шаардык кеңешинин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн шаардын аймагындагы ясли –бала бакчаларында тарбиялануучуларга жана тарбиячыларга түзүлгөн шарттардын абалы жөнүндө маалыматы кабыл алынсын.
2. Шаардык балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде тарбиялануучуларга түзүлгөн шарттардын абалы жөнүндө маалыматы кабыл алынсын.
3. Шаардын аймагындагы ясли – бала бакчаларында тарбиялануучуларга жана тарбиячыларга түзүлгөн шарттарды жакшыртуу үчүн зарыл болгон тиричилик предметтерин сатып алууга акча каражаттардын сметасын түзүү жана шаардык кеңешке киргизүү жагы шаардык билим берүү бөлүмүнө милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага                                        М.А. Кутбидинов